DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Бабаева А.Д., Токторова А.Э., Уметалиева Г.Р.*

# ОРТО КЕСИПТИК ОКУУ ЖАЙЛАРДЫН СТУДЕНТТЕРИНЕ НРАВАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮНҮ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН НЕГИЗГИ ШАРТТАРЫ

*Бабаева А.Д., Токторова А.Э., Уметалиева Г.Р.*

# ОСНОВНЫЕ УСЛОВИЯ РАЗВИТИЯ НРАВСТВЕННОГО ВОСПИТАНИЯ СТУДЕНТОВ СРЕДНИХ ПРОФЕССИОНАЛЬНЫХ УЧЕБНЫХ ЗАВЕДЕНИЙ

*A.D. Babaeva, A.E. Toktorova, G.R. Umetalieva*

# BASIC CONDITIONS FOR THE DEVELOPMENT OF THE MORAL EDUCATION OF STUDENTS OF SECONDARY VOCATIONAL EDUCATIONAL INSTITUTIONS

*УДК: 37.372.8*

*Бул макалада коллеждин студенттеринин нравалык тарбиялуулугунун көйгөйлөрү каралаган. Нравалуулук жана нравалык тарбия түшүнүгүн аныктоодо, биз бүтүндөй педагогикалык процессти, анын маңызын, моделдештирүү, окуу жана окуудан тышкаркы ишмердикте студенттердин нравалык тарбия берүүнүн өзгөчөлүгү жана мүнөзү сыяктуу теорияларга таяндык. Педагогика илиминде адамдын нравасы катары моралдык жана жүрүм-турум нормаларынын сакталышына байланышкан анын моралдык аңсезиминин жыйындысы түшүндүрүлөт. Макалада педагогикалык теориясында нравалык жана нравалык тарбиялуулуктун түшүндүрмөсүнө так аныктама берилгени аныкталган эместиги белгиленген. Бул терминдер нравалык тарбиялуулуктун жалпы түшүндүрмөсүндү гана көрсөтүлөт. Философиялык, педагогикалык жана психологиялык адабияттарга жүргүзүлгөн анализдерге таянып, биз нравалык жана нравалык тарбиялуулуктун аныктамасын түшүндүрдүк. Илимий макалада нравалык тарбиялуулуктун шарттарын теjриялык усулдук, психологиялык-педагогикалык жана педагогикалык-уюштуруучулук топторго бөлдүк.*

***Негизги сөздөр**: нравалык тарбиялуулук, студенттер, окуу процесси, ыйман, тарбия, окуу, ишмердүүлүк.*

*В статье были рассмотрены проблемы нравственной воспитанности студентов колледжа. В связи с этим при определении понятий «нравственность», «нравственная воспитанность» опирались на теории моделирования. Целостного педагогического процесса, содержание, особенности и характеристики нравственного воспитания студентов в учебной и внеучебной деятельности. В статье отмечается о том, что в педагогической теории нет единого подхода к определению сущности таких понятий, как «нравственность» и «нравственная воспитанность». Эти термины понимаются как общее начало нравственного воспитания. Опираясь на произведенный анализ философской, педагогической и психологической литературы, мы сделали выводы определенных понятий нравственность и нравственная воспитанность. В научной статье нами было разделено условия нравственной воспитанности на три группы: теоретико-методологические, психолого-педагогические и организационно-педагогические.*

***Ключевые слова:** нравственная воспитанность, студенты, учебный процесс, нравственность, воспитание, обучение, деятельность.*

*This article examined the problems of moral education of college students. In this regard, when defining the concepts of "morality", "moral education" relied on the theory of modeling. The holistic pedagogical process, content, features and characteristics of the moral education of students in educational and extracurricular activities. The article notes that in pedagogical theory there is no single approach to determining the essence of such concepts as "morality" and "moral education". These terms are understood as the general principle of moral education. Based on the analysis of philosophical, pedagogical and psychological literature, we made conclusions of certain concepts of morality and moral upbringing. In a scientific article, we divided the conditions of moral education into three groups: theoretical and methodological, psychological and pedagogical and organizational and pedagogical.*

***Key words:** moral education, students, educational process, morality, education, training, activity.*

Кыргыз Республикасында болуп жаткан социалдык-экономикалык жана билим берүү тармагын реформалоонун шартындагы өзгөрүүлөр инсандын нравалык деңгээлин жогорулатуу талабына таасирин тийгизүүдө. Тагыраак айтканда, азыркы жаштарга, айрыкча, колледждин студенттерине, нравалык-этикалык негиздер калыптандырылышы зарыл. Ушул жана ушуга окшогон башка жагдайлар менен нравалык маселелерге карата изилдөөбүздүн кайра кайткыс кызыкчылыгы түшүндүрүлөт.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Белгиленген маселе биздин Республиканын философ, психолог жана педагог окумуштуулары: Н.А. Асипованын, А.А. Алимбековдун, А.А. Бруднонун, А.Т. Калдыбаеванын, М.Х. Манликованын жана башкаладын илимий эмгектеринде каралып, жарыяланган.

“Нравалуулук”, ”нравалык тарбия” түшүнүгүн аныктоодо, биз бүтүндөй педагогикалык процессти, анын маңызын, моделдештирүү, окуу жана окуудан тышкаркы ишмердикте студенттердин нравалык тарбия берүүнүн өзгөчөлүгү жана мүнөзү сыяктуу теорияларга таяндык.

Педагогика илиминде адамдын нравасы катары моралдык жана жүрүм-турум нормаларынын сакталышына байланышкан анын моралдык аң-сезиминин жыйындысы, шык-жөндөмдөрү жана адаттары, башкача айтканда, турмуштун ар кандай чөйрөсүндө жана ишмердигинде жекече көрсөтүлө турган коомдук нормалардын, эрежелердин жана талаптардын иштелип чыккан системасы түшүндүрүлөт.

*“***Нравалуулук”**– сөзү биздин тилге орус тили аркылуу латын тилиндеги “морал” (moralis) сөзүнүн синоними катары кирип: салт-санаа, адеп жана грек тилиндеги «этика» - (ethos) – салт-санаа, адеп, мүнөз түшүнүгүн берет да, аны коомдук мүнөз катары белгилешет.

Орус тилинин сөздүгүндө нравалуулукка төмөнкүдөй аныктама берилет:

“Нравалуулук – бул адам этикалык нормаларды жетекчиликке ала турган ички, жан дүйнөлүк сапат, ушул көрсөткүчтөр менен аныктала турган жүрүм-турум эрежелери. Ал эми тарбиялуу адам катары – мыкты таалим-тарбиясы менен айырмаланып, өзүн жакшы алып жүрө алган адам саналат”. [1, 345-346-бб.].

Этика боюнча түшүндүрмө сөздүктө төмөнкүдөй түшүндүрмө берилет: ”Нравалуулук – бул турмуштагы кылык-жоруктардын, салт-санаалардын нраванын чөйрөсү...коомдук жана жалпы адамзаттык талаптарга ички мотивдери дал келген инсандын нравалык эркиндигинин чөйрөсү...” [2, 122-124-бб.].

Ал эми педагогикалык түшүндүрмө сөздүктө: “Нравалык тарбия – бул моралдык сапааттарды, мүнөз белгилеринин, жүрүм-турумдагы адаттарды жана жөндөмдөрдү калыптандыруу процесси. Нравалык жактан тарбиялуу адам – бул моралдын нормалары жана талаптарына дал келген анын жеке көз карашы, ишеними, жүрүм-турумунун формалары” [3, 286-б.].

Жаштарга нравалык тарбия берүүдө адабияттарды, тарыхты жана башка окуу предметтерин окуп үйрөнүүнүн, спорт менен машыгуунун, өз алдынча көркөм дүйнө менен машыгуунун ролу чоң,” - деген аныктама берилет.

Бул бизге нравалуулуктун жана нравалык таалим-тарбиянын аныктамасы канчалык көп экендигине карабай, алардын аныктамалары логикалык чөйрөнү кармагандыгы, ”нравалуулук” мораль аркылуу аныктала тургандыгы, ал эми “нравалык тарбиялуулук” – инсандын нравалык жүрүм-туруму” аркылуу аныктала тургандыгы жөнүндө кеп кылууга мүмкүндүк берет.

Педагогикалык теорияларда “нравалуулук” жана “нравалык тарбиялуулук” түшүнүктөрдүн аныктамаларына карата бирдиктүү мамиле жок. Бул терминдер нравалык тарбиянын жалпы башаты катары түшүндүрүлөт.

Философиялык, педагогикалык жана психологиялык адабияттарга жүргүзүлгөн анализдерге таянып, биз төмөнкүдөй жыйынтыкка келдик:

- нравалуулук – бул жыйынтыгы өзүнүн турмушунда жеңишке жеткире турган инсандын аракетин көрсөтө турган өз тагдырына жазылган маңызды таанып-билүүгө болгон идеалдуу талабы. Ошону менен катар эле эркиндиктин, биримдиктин, сүйүүнүн, чыгармачылыктын, сулуулуктун, кең пейилдиктин жана чындыктын негизинде курчап турган дүйнө менен өз ара карым-катышты түзүү зарылдыгынан билинет;
- нравалык тарбиялуулук – бул адамдын башка бир адамга карата мамиле жасаган учуру менен байланышкан турмуштук адаттары жана баалуулуктарды, идеалдарды таанып билүү жана аң-сезим чөйрөсү, өзүнө кандай болсо, башкага да ошондой болгон көз карашы; интеллектуалдык, интеллегенттүүлүк жана башкалардын катарында турган, анын нравалык маданиятын аныктай турган инсандык сапаты. Изилденип жаткан маселе боюнча адабияттарга жүргүзүлгөн анализ нравалык түзүлүштү жана инсандын өнүгүшүн шарттаган факторлордун: биологиялык, социалдык жана педагогикалык үч тобун бөлүп караганга мүмкүнчүлүк түздү. Өзүбүздүн изилдөөбүздүн чегинде, биз жогорку класстын окуучуларынын нравалык тарбиялуулугунун педагогикалык шартын окуп үйрөндүк.

Окуу-усулдук адабияттарга жүргүзүлгөн теориялык анализ, билим берүү программаларын, окуу куралдарын жана алардын мазмунун окуп үйрөнүү, ошондой эле Кыргыз Республикасында жүргүзүлгөн нравалык тарбиянын абалын окуп үйрөнүү – студенттердин нравалык тарбиялуулугу боюнча ЖОЖдун бүтүндөй педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн жана шарттарын ачып көрсөтүүгө шарт түздү.

Биз ачып көрсөткөн шарттар төмөнкүдөй үч топко бөлүндү:

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



- **теориялык-усулдук**: гуманитардык педагогикалык жана психологиялык принциптеги жана мамиледеги, мында көңул борборунда студент инсан турат;

- **психологиялык-педагогикалык:** окуу жана окуудан тышкаркы ишмердиктин уюштурулушу педагогикалык процесстин баардык катышуучуларынын тартылышы; студенттердин социалдык маанилүү ишмердикке кошулушу; орто кесиптик окуу жайлардын бардык окуу-тарбиялык иштерге багыт берип, жетекчиликке алган окутуучунун рухий-нравалык маданиятынын көрсөткүчтөрү;

**- педагогикалык-уюштуруучулук:** окутуу программаларынын мазмуну, билим берүү жана таалим-тарбия берүү ыкмалары жана формалары. Конкреттүү рухий-нравалык билимди жана жөндөмдү жүзөгө ашыруу үчүн коомдук-гуманитардык циклдеги предметтердин мүмкүнчүлүгү.

Биздин изилдөө ишибиздин чегинде педагогикалык-уюштуруу шарты чечүүчү ролду ойнойт. Алардын ичинен биз төмөнкү өзгөчө маанилүү шарттарды бөлүп карадык:

- гуманитардык циклдеги предметтер боюнча окутуу ыкмалары жана билим берүүнүн мазмуну, нравалык тарбия берүү тапшырмасына жана анын максатына ылайык тарбия берилиши;

- адистик формалардын, ыкмалардын, дидактикалык каражаттардын жана нравалык маселеге байланыштуу материалдардын пайдаланылышы;

- сабактан тышкаркы чыгармачылык ишмердикте окутуучулар менен студенттердин ар түрдүү формада жана түрдө биргелешип иштеши [4, 24-25-бб.].

Бүтүндөй педагогикалык процесстин таалим-тарбия берүү механизмдеринин жана принциптеринин мыйзамдуулугуна таянып, студенттердин окуу жана окуудан тышкаркы иштеринин уюштурулушуна байкоо жүргүзүп чыккандан кийин, гуманитардык цикл боюнча окуу программаларына, кружоктордун, куратордук сааттардын программаларына анализ жүргүзүп: окуу жайдагы педагогикалык процесс студенттердин нравалык тарбиялуулугунун өнүктүрүү үчүн баардык шарттарга ээ деген тыянак чыгарууну ылайык көрдүк.

Окуу предметтеринин мазмунунда нравалык билим берүү үчүн мүмкүнчүлүктүн бир топ жогорку потенциалы камтылышы мүмкүн. Бирок бул потенциалдын көпчүлүк бөлүгү турмуш чындыгында иштебей, дал ошол мүмкунчүлүк бойдон калып, ар бир окутуучу нравалык тарбия берүүнү билим берүүнүн приоритеттүү тапшырмасына айландырбай жаткандыгына ишенүүгө болот. Моралды калыптандыруу жана өнүктүрүү жолу баардык педагогдордун нравалык таасиринин негизинде салынган чыйырынан курулбай тургандыгы түшүнүктүү. Сабактарда студенттердин нравалык жүрүм-турумдарын бышыктоого негиз боло турган иштин жамааттык, тайпалык жана индивидуалдык формалары колдонулган.

Ошентип, гуманитардык циклдеги предметтердин нравалуулук сабактары боюнча өзгөчө ролдо түздөн-түз маданиятка байланыштуу сабагын окуп үйрөнүү – студенттин нравалык тажрыйбасын калыптандырууга бир топ таасирдүү, акыркы натыйжасында өзүн тааный билүүгө жол ачкан булактар турат. Гуманитардык сабактар өзүнүн адистигинде студенттердин нравалык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө бүтүндөй багытын жумшайт. Ансыз нравалык тарбиядагы инсанды элестетүү мүмкүн эмес.

**Адабияттар:**

1. Ожегов С.И. Словарь русского языка. - М., 1990.- С. 420.
2. Словарь по этике. Под ред. А.А.Гусейнова, И.С. Кона. - М., 1987. - С. 245.
3. Педагогический словарь. - М., 1984. Т.1. - С. 320.
4. Бабаева А.Д. Развитие нравственной воспитанности старшеклассников в процессе учебной и внеучебной деятельности. // Автореф. дисс. - Б., 2010. - С. 24.